# 1. Бишкек шаарынын №52 жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2020-2021-окуу жылында аткарган ишинин анализи

***Усулдук бирикменин мүчөлөрү жөнүндө маалымат***

| № п/п | Аты - жөнү | Туулган жылы | Билими | Берген сабагы | Жалп стаж | Пед. стаж | Ушул мектеиште стаж | Курс өткө жыл | сыйлыктары | Дареги |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жолдошбекова М.Б. | 11.02.71 | Жогорку | Кырг.тил, адабият | 29 | 179 | | 2019 | Шаар. Район.грамота | Аламедин 1 55-68 |
| 2 | Абакирова Р.О. | 10.12.69 | жогорку | Кырг.тил, адабият | 30 | 30 | 14 | 2020 | Район. грамота | Джал 98-29 |
| 3 | Батырбекова А.А. | 16.11.69 | жогорку | Кырг.тил, адабият | 27 | 27 | 21 | 2020 | Район грамота | Свободная 1А |
| 4 | Карабаева Г.К. | 12.08.79 | жогорку | Кырг.тил, адабият | 18 | 18 | 8 | 2018 | район грамота | Чүй 45/17 |
| 5 | Кенжебаева М.И. | 20.10.56 | жогорку | Кырг.тил, адабият | 30 | 30 | 15 | 2018 | Район грамота | Н.павловка 20 |
| 6 | Тиленбаева Ж.Ж. | 31.07.70 | жогорку | Кырг.тил, адабият | 24 | 24 | 10 | 2018 | Район грамота | М.Ордо 203 |
| 7 | Калыбекова А.К | 28.10.1997 | жогорку | Кырг.тил, адабият | 3 | 3 | 3 | | | ж-м Ак Бата Адилет 3-46 |
| 8 | Жаныбек кызы Элмара | 28.10.1997 | жогорку | Кырг.тил, адабият | 2 | 2 | 2 | | | Суйунбаева 26 |

## 2. УБнин усулдук темада аткарган иштин анализи

Жыл ичинде өтүлгөн УБнин жыйыны, кандай суроолор каралды, кандай чечимдер кабыл алынды, өз билимин өркүндөтүү боюнча мугалимдер кандай иш алып барды.

**Усулдук бирикменин ишинин темасы:**

Мугалимдердин, окуучулардын ийгиликтүү инсан катары коомго аралашуусуна, өзүн - өзү аныктоосуна шарт түзүү.

**Усулдук бирикменин ишинин максаты:**

1. Сапаттуу билим берүү менен окуучулардын мамлекеттик тилди билүү жана үйрөнүү көрсөткүчүн жогорулатуу.
2. Мугалимдердин социалдык кесиптик статусун жогорулатуу үчүн шарт түзүү. Мамлекеттик тилди окутууда жаңылануу ыкмаларын пайдалануу жана колдонуу. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу

Алдыга койгон максатты ишке ашыруу үчүн УБнин мүчөлөрү КТПны окуу прграммасына ылайык жана дистанттык окуу убагында атайын берилген ТВ сабактарды киргизүү менен түзүлдү. Бардык класстар топко бөлүнүп окутулду. Класстагы окуучулардын санынын аздыгына байланыштуу 8Г, 10А, 11АБ –класстары топко бөлүнгөн жок.Ар бир чейрек сайын УБнин чогулушу өткөрүлүп, аткара турган иштердин планы талкууланып, чечимдери чыгарылып турду. Окуу жыл ичинде ар бир мугалим ачык сабактарды, класстан тышкаркы иштерди өткөрүштү.Мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. 11А-класстын окуучусу райондук олимпиадага катышты.Окуу жыл ичинде тематикалык класстык сааттар, 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнүнө карата иш –чаралар,көркөм окуу сынагы,Комуз күнүнө карата викторина, Исхак Раззаковдун 110 жылдыгына карата ,Касым Тыныстановдун туулган күнүнө 120жыл, Жусуп Абдрахмановдун 120 жылдыгына, Тоголок Молдонун 110 жылдыгына, Жеңижоктун 160 жылдыгына, Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө арналган иш –чаралар өткөрүлдү. "Манас" күнүнө карата жаш манасчылар конкурсу онлайн форматта өттү. Мугалимдер өз билимдерин өркүндөтүү максатында ар дайым онлайн жана офлайн форматта ар түрдүү сабактардын иштелмелерин талкуулап, талапка ылайык ЗУУМ, Гугл Мит, Гугл Форм жана слайд, видеосабактарды даярдоо менен жаңы программаларды ийгиликтүү өздөштүрдү.

## 4. *Календарлык тематикалык пландын түзүлүшү жана анын аткарылышы*

Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинде 8 кыргыз тилчи мугалим жана башталгыч класстын 2 мугалими эмгектеништи. Алар: Абакирова Р .О, Батырбекова А.А, Карабаева А.А, Кенжебаева М.И, Жолдошбекова М.Б, Тиленбаева Ж.Ж, Жаныбек кызы Элмара, Калыбекова Айсанат, Мурсаева Г.К, Куланбаева Н.А . Бардык мугалимдердин календарлык -тематикалык планы окуу програмасына ылайык түзүлгөн. Жыл башында министрлик тарабынан бекитилген ТВ сабактар киргизилди. Окуу программасы жыл аягында толук аткарылды. Өз алдынча иштөө иштери жана жазуу иштери берилген программага ылайык аткарылды. Тестирлөө жана зачет сабактары, административдик текшерүү иштери өткөрүлдү. Окуу программасы боюнча тексттер менен иштөө, сөздүк менен иштөө, жазуу иштеринин түрлөрү, көнүгүү машыгуу иштери аткарылды. Кыргыз тили жана адабият сабагынан кошумча адабияттар колдонулду. Жат жазуулар окуу программасына ылайык толук аткарылды. Балдарга билим берүүдө жаңылануу ыкмалары кеңири колдонулуп,окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрү эске алынды.Ошону менен бирге окуучулардын сабаттуулугуна да өзгөчө көңүл бурулду. Көркөм адабий чыгармаларды окууга адабият сабагында көңүл бурулуп, окуучуларды кыргыз элинин каада- салтын, үрп- адатын , тарыхын билүүгө, кыргызча үйрөнүүгө кызыгуусун арттырган сабактар өткөрүлдү. Белгилүү акын- жазуучулардын өмүр баяны, чыгармачылыгы менен таанышышты.

## 5. *Өз билимин өркүндөтүү боюнча усулдук бирикменин иштеген иштеринин анализи.*

| УБин мүчөсүнүн аты жөнү | Усулдук темасы | Өз билимин өркүндөтүү боюнча жана окуу жыл ичинде мугалимдин аткарган иши |
|---|---|---|
| 1. ***Жолдошбекова М.Б.*** | Билим сапатын көтөрүү, окуучуларга мамлекеттик тилди окутууда,үйрөтүүдө алардын кызыгуусун арттыруу максатында жаңылануу ыкмаларын, компьютердик технологияларды кеңири колдонуу. | Гугл мит, Гугл форм, бандикам жана башка программаларды өздөштүрдү. Китеп- билим булагы сынагына , райондук олимпиадага окуучуларды даярдады. Окуучулар менен жекече жана топтук иштерди жүргүзүү менен сапаттуу билим берүүгө багытталган сабактар өтүлдү. Класстан тышкаркы бардык иштерге катышты.Мектепте өткөн иш-чараларды жетектеп, алардын аткарылышын көзөмөлдөп турду. |
| 2. ***Абакирова Р.О.*** | Кыргыз тили ,адабият сабактарында жана сабактан тышкаркы иш чараларда окуучулардын сүйлөө , жазуу речин жана чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өстүрүү менен билим сапатын жогорулатуу. | Окуу жыл ичинде жазуу иштеринин түрлөрү, текст менен иштөөнүн түрлөрү , Мамлекеттик тил күнүнө, Эне тил күнүнө , Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата иш-чаралар өткөрүлдү. Касым Тыныстановдун туулган күнүнө карата ачык класстык саат, Эне тил күнүнө карата класстык саат өттү. |
| 3. ***Батырбекова А.А.*** | Окуучулардын билим дэңгээлин өнүктүрүүдө дидктикалык оюндарды колдонуу. | Мамлекеттик тил күнүнө карата сүрөт конкурсу,Манас күнүнө, Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карта, Алыкул Осмоновдун туулган күнүнө карата,Касым Тыныстановдун туулган күнүнө карата стенд даярдады. |
| 4. ***Кенжебаева М.И.*** | Кыргыз тили,адабият сабагында макал-лакаптардын маанисин чечмелөөнүн негизинде окуучулардын дүйнө таанымын өстүрүү.активдештирүү жана эне тилине болгон кызыгуусун арттыруу | Мамлекеттик тил күнүнө карата көркөм окуу конкурсу,мектеп ичинде олимпиадага окуучуларды даярдады 2А-класста Кымыз, Кимди? Эмнени? деген темада, жана 6К –класста Жоомарт Бөкөнбаевдин “Чептен эрдин күчү бек” деген темада ачык сабак өттү.Улуу инсандардын туулган күнүнө карата класстык сааттар өткөрүлдү. |
| 5. ***Карабаева Г.Т.*** | Элдик оозеки чыгармалар | |

| | | |
|---|---|---|
| | аркылуу окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү. | Мамлекеттик тил күнүнө карата райондук Жаш адистердин куттуктоо ролигин, Жаныбек кызы Элмараны даярдады.Мектеп ичинде өткөн бардык тематикалык иш-чараларга катышуу менен класстык сааттар өткөрүлдү.”Манас күнүнө” , Эне тил күнүнө карата , Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата слайд даярдады. |
| ***6. Тиленбаева Ж.Ж.*** | Жаңылануу ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын кыргыз тилине болгон кызыгуусун арттыруу | Китеп- билим булагы райондук сынакка 7В-класстын окуучусу Абдул Уарис катышып, байгелүү орунга ээ болду.3А- класста Токтогул Сатылганов деген темада ачык саат өттү. Мындан башка бардык тематикалык класстык сааттар өткөрүлдү. |
| ***7.Калыбекова А.К*** | Мамлекеттик тилди өз алдынча өздөштүрүү, үйрөнүү үчүн компетенттүүлүккө негиздеп окутуу | 6А-класста Ден –соолук деген темада ачык сабак өттү.Райондо өткөрүлгөн Жаш мугалимдер арасында дилбаян жазуу сынагына катышты. Алыкул Осмоновдун 105 жылдыгына карата окуучуларды көркөм окууга даярдады.Бардык тематикалык класстык сааттар өткөрүлдү. |
| ***8.Жаныбек кызы Э.*** | Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу үчүн жана билим дэңгээлин өнүктүрүү үчүн дидктикалык оюндарды колдонуу. | Жаш адис катары Мамлекеттик тил күнүнө карата насаатчы Карабаева Г.Т. менен бирдикте куттуктоо ролигин даярдап, 3-орунга ээ болду. Райондо өткөрүлгөн Жаш мугалимдер арасында дилбаян жазуу сынагына катышты.Эне тил күнүнө карата стенд даярдалды. |

Өз билимдерин өркүндөтүү максатында ар бир мугалим кошумча адабияттар, методикалык иштелмелер менен таанышып, семинарларга катышып турушту. АбакироваР.О жана Батырбекова А.А билимдерин жогорулатуу курсунан өтүштү. Мугалимдер жаңы санариптик технологияны өздөштүрүп видеоролик, атайын слайддарды даярдашып, сабактарын кызыктуу өтүүгө аракет кылышты.

**6. Жаш мугалимдер менен иштөө аларга усулдук жардам көрсөтүү жана насаатчылар менен бирдикте аткарган иш аракеттери**

2020-2021- окуу жылында 2 жаш мугалим : Калыбекова А.К жана Жаныбек кызы Элмара эмгектеништи. Калыбекова Айсанат Курманбековнанын насаатчысы Абакирова Р.О, ал эми Жаныбек к. Элмаранын насаатчысы Карабаева Г.Т бекитилди.

Насаатчылар ар бир айда жаш мугалимдердин сабактарына катышып, сабактар календарлык-тематикалык планга ылайык өткөрүлүшүн көзөмөлдөп турушту.

Сабакта окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө карап, окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө карап сабактын планын түзүү каралды. Ар бир сабакта көрсөтмө куралдардын түрлөрүн колдонуу сунушталды, ошондой эле интерактивдик доска да колдонулуп, сабактар өз убагында өткөрүлүп турду.

Онлайн форматында окуп жаткан класстар үчүн сабактын планын түзүүдө жаңы теманы түшүндүрүүгө, тексттер менен иштөөгө өзгөчө көңүл бурулду. Жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө иштери каралып, жеңилдетилген тапшырмалар берилип турду.

Ошондой эле ата-энелер менен кандай иш алып баруу керектиги да сунушталды. Окуучунун алган баасы окуучуга айтылып, окуучу дагы эмнеге көңүл бөлүшү керектиги сунушталып, кандай иштерди жакшы аткаргандыгы, кайсы тапшырма туура эмес болсо түшүндүрүп, мугалим тарабынан аткарылган иш-аракеттер сапаттуу билим берүүгө багытталды.

Жаш мугалим Жаныбек кызы Элмара насаатчы Карабаева Г.Т. менен бирдикте Мамлекеттик тил күнүнө карата райондук “Жаш мугалимдер “ конкурсуна катышып , 3-орунга ээ болушту.

Ар бир чейрек сайын окуу программасынын аткарылышы каралып, анализ жүргүзүлүп турду. Сабактар менен катар класстан тышкаркы иштер да насаатчылар менен бирдикте өткөрүлдү.

## 7. Усулдук бирикмеде жаш мугалимдер менен иштөөдө, кыйынчылыктар жана кийинки окуу жылына коюлган милдеттер.

Кийинки окуу жылында аталган жаш мугалимдер менен иш алып баруу улантылат.
2020-2021- окуу жылында жыл бою 6,7,8,10- класстардын онлайн форматта окушу жаш мугалимдер үчүн да, тажрыйбалуу мугалимдер үчүн да кыйынчылыктарды жаратты.

1.Аталган класстарда онлайн форматта окуунун бир жылга созулушу
2. Окуучу менен мугалимдин байланышуусу
3. Окуучулардын жоопторун кабыл алуу
4. Жазуу иштеринин өткөрүлүшү.
5. Оозеки жооп бериши .
6. Окуучулар менен эркин баарлашуунун жоктугу
7.Түшүндүрүү иштери.

Албетте, окуу программасына жана мектеп ичинде түзүлгөн сабактардын жүгүртмөсүнө ылайык сабактар өз убагында өткөрүлүп турду. Бардык жазуу иштери, көнүгүү машыгуу иштери, текст менен иштөө , жаңы сөздөр менен иштөө ар дайым жүргүзүлүп турду. Сабакка катышпай калган окуучулардын ата-энелерине байланышка чыгып, кошумча жана жеңилдетилген тапшырмалар берилип турду.

8. **Актуалдуу педагогикалык тажрыйбаны ишке ашыруу жана аны практикада колдонуу (ачык сабактардын жана класстан тышкаркы иштердин, докладдардын, УБнин жыйындарынын жана өз ара сабакка катышуу) боюнча аткарылган иштердин жыйынтыгы.**

Алдыга коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн УБнин бардык мүчөлөрү эмгектеништи. Окуу кабинеттери даярдалып, окуу жылдын пландары талкууланды.

Кыргыз Респубикасынын "Мамлекеттик тили жөнүндө " мыйзамынын кабыл алынган күнүнө карата иш чаралар өткөрүлдү:

- Фото сүрөттөр көргөзмөсү уюштурулдуу
- Көркөм окуу боюнча сынак өткөрүлдү.
- Китеп- билим булагы долбooруна окуучуларды даярдашты
- "Мамлекеттик тил -өткөндүн булагы, бүгүнкүнүн баяны, келечектин чырагы" деген темада дилбаян жазылды
- Видеороликтер, слайддар даярдалды.
- Комуз күнүнө карата улуу комузчулар боюнча онлайн форматта викторина өттү

4 – декабрь "Манас" күнүн белгилөө күнүнө карата иш чаралар өткөрүлдү. Манасчылар менен жолугушуу уюштурулду.

Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата 6 -7 – 11 класстын окуучуларына "Биринчи мугалим", "Жамиля", "Эрте жазда келген турналар" кино тасмалары көрсөтүлдү.

"Эл аралык эне тили күнүнө" карата иш -чаралар өткөрүлдү.

Ар улуттун башын кошкон Ала-Тоо фестивалы өттү

"Ак калпак" күнүнө карата " Ак калпакты кадырлайлы" класстан тышкаркы иш-чара жана Нооруз майрамына карата иш чаралар өткөрүлдү.Белгилүү инсандардын : Тоголок Молдонун 110 жылдыгына, Жеңижоктун 160 жылдыгына, Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына, Жусуп Абдрахмановдун 120 жылдыгына, Исхак Раззаковдун 110 жылдыгына карата класстык сааттар, ачык сабактар өткөрүлүп, атайын стенддер даярдалып, видеороликтер , слайддар даярдалды.

Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча окуу программасы толук аткарылды. Окуу жылында астыга коюлган максаттар ишке ашты.

Кыргыз тилин окутууну үзгүлтүксүз улантуу, окуучулардын окуудагы көрсөткүчтөрүн мындан ары да жогорулатуу максатында иш алып барууну улантуу керек.

***9.Окуу бөлмөлөрү боюнча маалымат.***

| *Окуу бөлмөсү* | *Мугалимдин аты - жөнү* | *Окуу бөлмөсүнүн абалы жана өсүшү* | *Жаңы окуу жылына милдеттеме* |
|---|---|---|---|
| ***№ 7*** | ***Батырбекова А.А.*** | ***Окуу бөлмөсү Чынгыз Айтматовдун чыгармаларына арналган.*** | ***Айтматовдун чыгармалары боюнча толуктоолорду киргизүү*** |
| ***№11*** | ***Абакирова Р.О*** | ***Грамматикалык эрежелерди туура колдонуу боюнча таблицалар менен жабдылган*** | ***Дидактикалык материалдар менен толуктоо*** |
| ***№16*** | ***Жолдошбекова М.Б.*** | ***Окуу бөлмөсү дидактикалык көрсөтмө куралдар менен жабдылган*** | ***Акындар боюнча көрсөтмө куралдар менен толуктоо*** |
| ***№26*** | ***Калыбекова А.К..*** | ***"Манас" эпосу жана элдик чыгармаларга арналган көрсөтмө куралдар менен жабдылган*** | ***Дидактикалык материалдар менен толуктоо*** |
| | | | |

## *10. Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө*

Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу алардын сабактан тышкаркы убакта аткарган иштери. Предметтик олимпиадалардын өткөрүлүшү, райондук жана шаардык олимпиадага катышуу,конкурстарды өткөрүү, окуучулардын изденүүсү. Чыгармачылык иштер.

| Иштин түрү | Жыйынтыктын кыскача анализи | Суроолор | Кийинки окуу жылына тапшырма |
|---|---|---|---|
| Көркөм окуу | 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата көркөм окуу сынагы өткөрүлдү. Райондук “Китеп- билим булагы” сынагына катышып,7-класстын окуучусу байгелүү орунга ээ болду. | Окуучулардын китеп окууга кызыгуусун арттыруу үчүн кандай иш араеттерди жасоого болот? | Ар бир класстан оркөм окууга окуучуларды даярдоо сунушталды. |
| Олимпиада | Райондук олимпиадага 10-11-класстын окуучулары катышып, тилекке каршы байгелүү орун алышкан жок | Окуучуларды олимпиадага даярдоо | Окуучуларды грамматика жана тест боюнча даярдоо. |
| Сынак | Жаш адистер арасында дилбаян жазуу сынагына Калыбекова А.К жана Жаныбек кызы Элмара катышты | | Берилген сынактарга катышуу |

## 11.Сабакты өздөштүрүүдө жетишпеген окуучулар менен иштөө.

| Иштин түрү | Жыйынтыктын кыскача анализи | Суроолор | Кийинки окуу жылына тапшырма |
|---|---|---|---|
| *Кошумча сабактар* | *2А-класстын окуучусу Лебянкин Абрам* | | *Кошумча тапшырма берүү. Ата-энелер менен бирдикте иш алып баруу* |
| *жеңилдетилген тапшырмалар* | | | *Сөздүк менен иштөө* |
| *Грамматикалык тапшырмалар* | | | *Эрежелерди кайталоо* |
| *Көнүгүүлөр* | | | *Көнүгүү, машыгуу иштери* |

**2020 – 2021- окуу жылында УБнин ишиндеги суроолор, кыйынчылыктар.**

**Окуу жылындагы аткарылбаган иштин себеби, анализи ( окуу пландын аткарылышы, туура коюлушу)**

- 2020-2021- окуу жылында УБнин мүчөлөрү КТП боюнча бекитилген план менен иштеди.
- Жазуу иштери КТПга ылайык аткарылды.
- Класстан тышкаркы иштер мектептин планына ылайык өткөрүлүп турду.
- Ар бир мугалим өзүнүн методикалык темасын сабактарында кандай денгээлде өтүп жатканын көрсөтүштү жана темаларын ачууга аракет кылышты.
- Окуучулардын жазуу жана сөздүк дептерлерин текшерүү
- Сабакта жазуу иштеринин түрлөрүн аткарууга көңүл буруу.
- Кийинки окуу жылында грамматикалык эрежелерди кайталоо менен окуучулардын оозеки сүйлөө речине көңүл буруу.

  Билими күчтүү, өзгөчө жөндөмдүү окуучулар менен кошумча иш алып барууну улантуу керек.
- Дистанттык окуудагы өзгөчөлүктөрду эске алуу
- Мугалимдердин жаңы технологияны өздөштүрүүсүн улантуу, санариптик сабаттуулугун жогорулатуу
- Окуучуларга билим берүүдө жаңылануу ыкмаларын колдонуу
- Окучулардын адабий чыгармаларды окуп тушүнүүсүнө көңүл буруу